**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**С. НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ПЕДАГОГИКА, ТАРЫХ ЖАНА ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ КАФЕДРАСЫ**

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**

Окуу бөлүмүнүн башчысы

__________ Ж.Ж.Усубалиева

"_1_" ___09___ 2025 г.

**БЕКИТЕМИН**

Академиялык иштер боюнча проректору

__________ К.О.Омурова

"_1_" ___09___ 2025 г.

# ЖУМУШЧУ ПРОГРАММА

## «АЛГАЧКЫ КООМДУН ТАРЫХЫ» ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА

**Даярдоонун багыты**: 550400 «Социалдык экономикалык билим берүү»

**Даярдоонун профили:** *Тарых*

**Бүтүрүүчүнүн квалификациясы (даражасы)**: *Бакалавр*

**Окутуу формасы:** *Күндүзгү, аралыктан (дистанттык)*

**Нарын -2025**

Жумушчу программаны түзгөн
т.и.к., профессордун м.а. _________________ Эсеналиева Г.О

**“Педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасынын»** «_3_» ___09___ 2025 жылдын №__2__ протоколу менен жактырылды.

Кафедра башчысы п.и.к, доцент_______________ Э.О. Бектурова

НББПнын жетекчиси, п.и.к., доцент _____________ Э.О. Бектурова

**Педагогика факультетинин** «_4_» ___09___ 2025 жылдын №__2__ протоколу менен жактырылды.

Декан,
т.и.к, профессордун м.а. ___________________ Г.О. Эсеналиева

## 1. АННОТАЦИЯ

«Алгачкы коомдун тарыхы» дисциплинасы социалдык-экономикалык билим берүү багытынын тарых профилинин окуу планынын негизги бөлүгүндө (коду: Б.3.2.1.1.) орун алган. Аны окутууга бөлүнгөн сааттардын жалпы саны – 90, аудиториялык сааттар – 48, анын ичинде дарс – 32, семинардык сабак –16 саатты түзөт. Ал эми 42 саат студенттин өз алдынча ишине ажыратылган. Баары биригип 3 кредитти түзөт. Курс 1-семестрде окутулат. Дисциплинанын кредиттердеги (экзамендик бирдиктердеги) өлчөмү, аудиториялык жана өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн сааттарын көрсөтүү менен 1-жадыбалда келтирилген.

**1-жадыбал. Дисциплинанын жалпы эмгек сыйымдуулугу**

| Түрмөгү жана коду | Семестри | Эмгек сыйымдуулугу (кредити) | Бардыгы (сааттарда) | Аудиториялык иштин көлөмү (саат) | | | СӨИ | Аттестациялоо формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Дарс | Прак. сабак | Лаб. иш | | |
| Б.3.2.1.1.) | 1 | 3 | 90 | 32 | 16 | - | 42 | экзамен |

**Курстун кыскача мазмуну:** «Алгачкы коомдун тарыхы» курсун бакалавриаттын программасы боюнча 550400 “Социалдык-экономикалык билим берүү” багытынын тарых профилинде окуп жатышкан 1-курстун студенттери 1-семестрде окушат.

Алгачкы коомдун тарыхы жалпы тарыхтын бир бөлүгү болуп эсептелет. Ал адам коомунун тарыхын класстык түзүлүштүн, мамлекеттердин пайда болгонго чейинки мезгилин окутат. Бул бөлүктү окуп үйрөнүүдө биз бүткүл дүйнөлүк тарыхтын коомдук экономикалык формацияларга бөлүнүшүн биле алабыз. Себеби: алгачкы коомдук түзүлүш коомдук экономикалык формациялардын эң алгачкысы. Ошондуктан курсту окутууда адамдардын жаныбарлар дүйнөсүнөн бөлүнүп чыгышын, алардын уруулук топторго бөлүнүп жашоосун, алгачкы кесиптери алгачкы таш куралдары, тарыхтагы адам заттын маданиятынын өзгөчөлүктөрүн анын пайда болуу тарыхын, өнүгүшүн, өнүгүү тарыхындагы өзгөчөлүктүрүн ачык көрсөтүү болуп эсептелинет.

## 2.ОКУУ ДИСЦИЛИНАНЫН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

2. **Дисциплинаны окутуунун максаты төмөнкүлөр:**

**Өздөштүрүү:** -Дүйнөлүк тарыхтагы негизги окуяларды жана процесстерди, алардын байланыштарын жана хронологиялык жактан улантуучулугу; ээ болуучулук;

**Тарбиялык:** - мекенчилдик, мекенибиздин, дүйнө элинин тарыхын, адам укуктарын жана эркиндигин коомдук турмуштун демократиялык принциптерин сыйлоо;

**ЭЭ болуу:** – тарых таануунун методдоруна, тарыхты окутууда фактыларды мейкиндикте чектөөгө, тарыхты окутууда картографиялык көрсөтмө куралдардын аткарган милдеттерин билүүгө, тарыхый көрүнүштөрдүн мазмунун түшүндүрө алууга, тарыхты мектепте окуутуда хронологиянын ролу жана функциясын колдонууга, ар түрдүү тарыхый маалымат булактары менен иштей алуу

жөндөмдүүлүктөрүнө; **Калыптандыруучулук:** тарыхый доорлордо аралашкан маданий, диний, этностук, улуттук каада-салттар менен таанышууда алардын баалуулуктарын калыптандыруу; **Колдонуу:** тарыхты окутууда окутуунун натыйжаларын текшерүүнүн милдеттери жана методикалык принциптерин колдонуу ыкмаларына ээ болуу компетенцияларын калыптандыруу.

**1.3.Дисциплинаны окутуунун милдеттери:**

- Алгачкы коомдун тарыхынын маселелери боюнча талаштуу көйгөйлөрдү талкуулоо, ар кыл окумуштуулардын пикирлери менен концепцияларын салыштыруу;
- Алгачкы коомдун тарыхын окутууда фактылар менен тарыхый көрүнүштордү өздөштүрүү жана алардын келип чыгуусуна окутуп-үйрөтүү;
- тарыхты окутуунун интерактивдүү методдорунун көндүмдөрүн калыптандыруу;
- коомдун өнүгүшүнүн себептерин жана өзгөчөлүктөрүн түшүнүү үчүн негиз түзүүгө үйрөтүү;
- окуучуларды акыл-эстүү жана аң-сезимдүү коомдук ишмердикке даярдоо билгичтиктерин калыптандыруу;
- Предметти окуп үйрөтүүдө окуу тарбиялык жана илимий иштерди уюуштуруу жана талдоо, анализдеп аларга туура баа берүүгө багытоо. Практикалык сабактарды өтүүдө студенттерге илимий булактарды басылып чыккан документалдуу материалдарды, архивдик материалдарды, монографияларды талдап аларды сын көз караш менен карап талдап окууга багыттоо.
- Алгачкы коомдун тарыхынын дүйнөлүк тарыхтагы ордун, жалпы булактар жөнүндө жалпы түшүнүк берүү, студенттерге жеткиликтүү түшүндүрүп берүү болуп эсептелет.

## 3. НББПНЫН ТҮЗҮМҮНДӨГҮ ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН ОРДУ

«Алгачкы коомдун тарыхы» дисциплинасы социалдык-экономикалык билим берүү багытынын тарых профилинин окуу планында негизги бөлүгүндө (коду: Б.3.2.1.1.) орун алган.

**Окутулчу сабактардын өз ара байланышы:**

Студенттер бул сабакты окуп үйрөнгөнгө чейин төмөндөгү сабактарды өздөштүрүшү зарыл:

- Тарыхнаама (Историография)
- Тарыхый булактар (Источниковедение)
- Зоология
- Антропология
- Геология
- Тарых илимине кошумча илимдер(нумизматика, хронология, ж.б.)

## 4. ДИСЦИПЛИНАНЫ ОКУТУУНУН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ МЕНЕН КАТНАШТЫРЫЛГАН МЕРЧЕМДЕЛГЕН НАТЫЙЖАЛАРЫ

**550400** социалдык-экономикалык билим берүү багытынын тарых профили боюнча даярдалган бакалавр НББПнын максат-милдеттерине жана ЖКББ МББСда көрсөтүлгөн кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерирне ылайык, жалпы илимий (ЖИК), инструменталдык (ИК), социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК), жалпы кесиптик (ЖКК) жана (КК) кесиптик компетенцияларга ээ болууга тийиш. “Байыркы Дүйнөнүн тарыхы (Байыркы Чыгыштын)” окуу дисциплинасын өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялардын тизмеси 3-жадыбалда көрсөтүлгөн.

## 4.ДИСЦИПЛИНАНЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН НАТЫЙЖАСЫНДА АЛЫНУУЧУ ОКУТУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАР:

### 4.1. Калыптандырылуучу компетенциялар жана күтүлүүчү натыйжалар

**3-жадыбал**

| № | Окутуунун натыйжалары | Калыптандырылуучу компетенциялар |
|---|---|---|
| 1 | Алгачкы коомдун тарыхын окутуу методикасындагы негизги терминдерди үйрөнөт. | ЖИК-1; КК-10. КК-11. |
| 2 | Тарыхый фактылар менен тарыхый көрүнүштөрдүн түшүнүктөргө ээ болот. | |
| 3 | Алгачкы коомдун тарыхын окутуунун методикасын, түрлөрүн аныктай алат. | |
| 4 | Алгачкы коомдун тарыхын окутуунун жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн билет. | |
| 5 | Тарыхты окутуудагы советтик методиканы жана азыркы учурдагы талаптарды, алардын өзгөчөлүктөрүн ажырата алат. | |
| 6 | Тарыхый көрүнүштөрдү талдоонун түрдүү усулдарын билет. | |
| 7 | Аралаш сабактын жана салттуу сабактардын план-конспектисин талдоо көндүмдөрүнө ээ болот. | |
| 8 | Тарыхый окуяларга карата өз пикирин билдирип жазуу иштерин (эссе, реферат, баяндама, билдирүү, рецензия ж.б.) аткара алат. | |
| 9 | Методикалык сунуш айтуучулук иштерин жүргүзө алат. | |

| | | |
|---|---|---|
| 10. | Алгачкы коомдун тарыхы боюнча билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн кесиптик ишмердүүлүктө колдоно алат. | |

Бул дисциплинаны окугандан кийин студент, адистиги боюнча курстук иштерде, дипломдук иштерде өз алдынча илимий изилдөөлөрдү, тыянактарды, анализдөөнү, окуяларды бири-бири менен салыштырууну үйрөнө алат жана ошондой эле мектептерге барганда окуучуларга билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү үйрөтө алат.

## 5. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ТҮЗҮМҮ

### 5.1. Окуу дисциплинасынын көлөмү жана окуу ишинин түрлөрү

**4-жадыбал**

| **Окуу ишинин түрү** | **Сааттардын көлөмү** |
|---|---|
| Максималдуу окуу жүгү (бардыгы) | 90 |
| Милдеттүү аудиториялык окуу жүгү (бардыгы) | 48 |
| Анын ичинде: | |
| Дарстар | 32 |
| Практикалык сабактар | 16 |
| Студенттин өз алдынча иши (бардыгы) | 42 |
| Анын ичинде: | |
| практикалык сабактарга тапшырмаларды даярдоо | 32 |
| жүзачарларды (презентацияларды), рефераттарды, баяндамаларды, билдирүүлөрдү даярдоо | 22 |
| модулдук текшерүүлөргө, зачетко даярдануу | 10 |
| Жыйынтыктоочу аттестация: зачет. | |

## 5.2.ЛЕКЦИЯЛЫК САБАКТАРДЫН КАЛЕНДАРЛЫК-ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ

### 1. Дарстык сабактар

| Дарстын темасынын №__ | Теманын аталышы | Сабактын кыскача мазмуну | Сааттын саны |
|---|---|---|---|
| **1** | **2** | **3** | **5** |
| 1. | **Киришүү сабагы** | Алгачкы коомдун тарыхынын предмети максаты милдети менен таанышуу;<br>Алгачкы коомдун тарыхын мезгилдештирүү жана хронологиясын аныктоо;<br>АКТ жалпы тарыхый мезгилдештирүүнүн жолдорун талдоо;<br>Студенттерге тарых илими жөнүндө жалпы түшүнүк берүү, алгачкы коомдун тарыхынын тарыхый булактарын жана тарыхнаамесин түшүндүрүү | 2саат |
| 2 | Алгачкы жамааттык коомдун тарыхын изилдөө булактары жана тарыхнаамасы | АКТ изилдөө булактарын аныктоо;<br>АКТ илидөө булактарын талдоо. | 2саат |
| 3 | Тарыхнаама | Байыркы коомдогу грек ойчулдарынын АК жөнүндөгү көз караштарын жана маалыматтарын талдоо;<br>Орто кылымдагы окумуштуулардын АК жөнүндөгү көз-караштарын жана маалыматтарын талдоо;<br>Жаңы коомдогу окумуштуулардын АК жөнүндөгү көз караштарын талдоо; | 2саат |
| 4. | Адамдын теги жана эволюциясы | Адам сымал маймылдардын адамга жакындыгын көрсөткөн белгилерин аныктоо;<br>Австралопитектер, архантроптор, палеонтроптор жөнүндөгү окумуштулардын көз караштары | 2саат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | менен таанышуу аркылуу бул адам сымак маймылдардын азыркы адамга жакындык белгилерин талдоо | |
| 5. | Алгачкы адамдар тобу | Адамга айлануучулар тобунун турмуш тиричилиги менен таанышуу;<br>Алагачкы адамдар тобунун алгачкы идеологиялык түшүнүктөрүн талдоо | 4саат |
| 6. | Азыркы адамдын пайда болушу | Азыркы адамдын калыптануу процесси боюнча окумуштуулардын көз караштары менен таанышуу;<br>Расалардын пайда болушу жана алардын биологиялык өзгөчөлүктөрүн аныктоо менен аларды картадан тактоо | 2 саат |
| 7. | Коомдун пайда болушу | Уруктун пайда болушунун себептерин аныктоо;<br>Никенин түрү экзогамиянын пайда болушунун себептери боюнча окумуштуулардын көз караштарын аныктоо жана талдоо | 2 саат |
| 8. | Алгачкы жамааттык коомдун эрте мезгили | Жогорку полеолиттеги өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүн жана жаңы аймактарды өздөштүрүүнү аныктоо;<br>Мезолиттеги атериалдык маданияттын өзгөрүшүн талдоо;<br>Нике жана үй-бүлөдөгү, искусстводогу өзгөрүүлөрдү тактоо; | 2 саат |
| 9 | Алгачкы жаматтык коомдун кечки мезгили | Өндүргүч чарабага өтүүнүн негизги өбөлгөрүн аныктоо;<br>Дыйканчылыктын, мал чарбачылыктын алгачкы очокторун картадан көрсөтүү менен тактоо;<br>Кечки мезгилдеги социалдык-экономикалык мамилелердин калыптанышын талдоо | 2 саат |
| 10. | Алгачкы коомдун бузулушунун өндүрүштүк өбөлгөлөрү | АК бузулушунун өбөлгөлөрүн аныктоо;<br>Дыйканчылыктын, мал чарбачылыгынын өнүгүшү жана | 2 саат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | көчмөн мал чарбачылыгынын калыптанышынын негизги факторлорун талдоо;<br>Дыйканчылык жана мал чарбачылыгы өнүккөн аймактарды картадан көрсөтүү менен тактоо; | |
| 11 | Жеке менчиктин, таптардын жана мамлекеттин пайда болушу | Жеке менчиктин пайда болушунун себептерин талдоо;<br>Таптардын пайда болушун, алгачкы эксплуатациянын түрлөрүн аныктоо;<br>Мамлектин пайда болушунун жолдору менен таанышуу | 2саат |
| 12 | Таптар пайда болуу дорундагы үй-бүлө жана нике | Таптардын пайда болушу мезгилиндеги үй-бүлө жана нике өзгөчөлүктөрүн тактоо;<br>Таптык коомго чейинки үй-бүлө жана нике менен таптык коомдогу үй-бүлө жана никенин окшоштуктары жана айырмачылыктарын аныктоо | 2саат |
| 13 | Тап пайда болуу доорундагы коомдук мамилелер | Патриархаттын пайда болушунун негизги себептерин аныктоо;<br>Аялдар менен эркектердин коомдук абалындагы төңкөрүштү талдоо;<br>Алгачкы уруулук жамаат жана уруулук бирикмелердин структурасынын өзгөрүшү менен таанышуу; | 2саат |
| 14 | Өткөөл мезгилдеги коомдук аң - сезимдеги өзгөрүүлөр | Рационалдык билимдердин калыптанышынын өбөлгөлөрүн аныктоо;<br>Өткөөл мезгилдеги жазуу, искусстводогу өзгөчөлүктөрдү талдоо;<br>Диний ишенимдер, космостук цикл, эсхатология, жана фаталистикалык түшүнүктөр менен таанышуу аркылуу алардын өзгөчөлүктөрүн белгилөө | 2саат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 15 | Азыркы кездеги жамааттык коомдор | АК мамлекеттерге карата жайгашкан абалын типтерин тактоо; Таптык коомдогу эскинин калдыктарынын сакталышынын себептерин жана анын оң жана терс жактарын аныктоо | 2саат |
| Баардыгы | | | 32 |

**2.2. Практикалык (семинардык) сабактар**

| Прак (сем) сабакт ын №___ | Сабактын аталышы | Сабактын мүнөзү жана максаты, **калыптанды рылуучу компетенция лар** | Саат тын саны | Аткаруунун туру |
|---|---|---|---|---|
| | **1-модуль** | | | |
| 1. | АКТ предмети. АКТ окуп үйрөнүүнүн мааниси | АКТ окуп үйрөнүүнүн маанисин талдоо; АКТ мезгилдештир үү жана хронологиясы н аныктоо; КТ мезгилдештир үү боюнча окумуштуулар дын көз караштарын белгилөө; | 2 | Группа менен иштөө, дискуссия,реферат даярдоо, ***«Тең-теңине»*** методу боюнча багытталган өз ара суроо салуу, ***"Кластер"*** түзүү, презентация жасоо **«Тең-теңине» методу боюнча багытталган өз ара суроо салуу** Бул иштин максаты – талкуу өткөрүү көндүмдөрүн өнүктүрүү. Студенттер индивидуалдуу түрдө иштешет, берилген материал боюнча өз суроолорун жазышат. Студенттер өздөрү тарабынан берилген суроолордун баарына жооп берүүгө милдетүү эмес. Бул тапшырма студенттердин талкууланып жаткан темага тиешеси бар нерселер жөнүндө ойлонууга милдеттендирүү үчүн түзүлгөн. Студенттер колдон келишинче көбүрөөк суроолорду колдонуулары керек. Үйрөтүлүп жаткан командаларга топтошуп ар бир |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | студент талкуу үчүн суроосун сунуштайт.<br><br>Мисалы: Алгачкы адам баласы боюнча окумуштуулардын (бир окумуштуунун)көз карашы |
| 2. | Изилдөө булактары | АКТ изилдөө булактарын аныктоо;<br>АКТ изилдөө булактарын анализдөө;<br>АКТ излдөө булактарын өзгөчөлүктөрүн белгилөө;<br>; | 2 | **Инсерт**<br>**Бул эмне**<br>Инсерт – текст менен иштөөдөгү активдүүлүктү колдоо инструменти. Барак бетине белги коюунун интерактивдүү системасы. Берилген амал окуучулардын өздөрүнүн маалымат түшүнүүсүнө көз салуусуна багытталат.<br>**Эмнени өнүктүрөт?**<br>• Текст менен натыйжалуу иштөө көндүмүн<br>• Активдүү, терең ойлонулган окууну<br>• Мурда белгилүү болгон материал менен жаңысын байланыштыруу жөндөмүн<br>• Теманы андан ары үйрөнүүнү стимулдаштырат |
| 3. | Адамдын теги жана эволюциясы | Антропогенез илиминдеги адамдын эволюциялык формаларын аныктоо;<br>Алгачкы адамдардын табылган ордун картадан тактап белгилөө менен алардын жашоо | 2 | Тема боюнча "Эки бөлүктүү күндөлүктү" түзүү. Группа 3 командага бөлүнөт, ар бир командага 2 ден тапшырма берилет. Берилген тапшырмалардан цитата бөлүп, аларга комментарий бергиле. Слайддарды презентациялоо, Берилген суроо боюнча талкуу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | өзгөчөлүктөрүн талдоо; | | |
| 5. | Алгачкы адамдар тобу | Адамга айлануучу алгачкы адамдар тобунун жашоо тиричилиги, эмгек куралдары менен таанышуу; Адамга айлануучу адамдар тобунун диний түшүнүктөрүнүн пайда болушун аныктооКомпетенциялар: | 2 | Тема боюнча слайд даярдоо жана аны презентациялоо |
| 4. | Азыркы адамдын пайда болушу | Азыркы адамдын алгачкы өкүлү карманьондун кайсы территорияда пайда болушу жөнүндөгү илимдеги талаш маселелер менен танышуу; Азыркы адамдын калыптанышы жөнүндөгү моноцентристтик жана полицентристтик көз | 2 | Алгачкы адамдардын пайда болгон жерлер түшүрүлгөн картаны даярдоо<br>«Венндин диаграммасы» методу менен иштөө<br>• Моноцентристтик жана полицентристтик көз караштагы окумуштуулардын көз караштарын салыштыргыла?<br>• Расалардын табигый өзгөчөлүктөрүн аныктагыла?<br>• Карманьон жана неандартал адамдарынын окшоштуктарын белгилегиле? |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | караштарды талдоо;<br>Расалардын пайда болушу жана алардын табигый өзгөчөлүктөрүн аныктоо; | | |
| 5 | Алгачкы жамааттык коомдун эрте мезгили | Жогорку палеолиттеги өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнүн себептерин талдоо;<br>Мезолит доорунданы чарбага мүнөздөмө берүү;<br>Эрте мезгилдеги нике жана үй-бүлө жана рухий маданият менен таанышуу аркылуу өзгөчөлүктөрүн аныктоо; | 2 | **"Зигзаг"**<br>**Бул эмне?**<br>Бул студенттерди көп сандагы окуу материалын аз убакыттын ичинде иштеп чыгууга мүмкүндүк берген биргелешип окутуу методу.<br>**Эмнени өнүктүрөт?**<br>Социалдык (коммуникативдик) көндүмдөрдү.<br>Аналитикалык-синтетикалык көндүмдөрдү (эң маанилүү идеяларды, өз ара байлыныштын бардыгын, резюме жасоо жөндөмүн бөлүп көрсөтүү ж.б.у.с.<br>Презентациялоо көндүмдөрүн. |
| 6 | Жеке менчиктин, таптардын мамлекеттин пайда болушу | Жеке менчиктин, таптардын жана мамлекеттин пайда болушунун себептерин аныктоо;<br>Алгачкы эксплуатациялоонун өзгөчөлүктөрүн талдоо; | 2 | **«Эмне үчүн?» техникасы**<br>«Эмне үчүн?» техникасы - бул максаты проблеманын келип чыгуу себебин табууга багытталган бүтүндөй бир **ой жүгүртүүлөрдүн чынжырчасы**.<br>Ошентип, сиз ишти ачык-айкым болгон **проблеманын формулировкасынан** баштайсыз. Анан «Эмне үчүн?» суроосу менен жебени тартасыз, анын артынан эле башыңызга келген **жоопту жазасыз**. Бул |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Бийликтин алгачкы формаларын тактоо; | | процессез сиз проблеманын **жашырылган себебин** тапкыча улантылат. |
| 7 | Тап доорундагы үй-бүлө жана нике | Тап пайда болуу доорундагы үй-бүлө жана никенин өзгөчөлүктөрүн талдоо; Үй-бүлө жана никенин тап дооруна чейинки мезгили менен салыштыруу жана өзгөчөлүктөрүн аныктоо | 2 | «Венндин диаграммасы» методу менен иштөө<br>Тапшырма:<br>1. Салыштыргыла: Эрте мезгилдеги үй-бүлө жана никенин өзгөчөлүктөрүн<br>2. Кечки мезгилдеги үй-бүлө жана никенин өзгөчөлүктөрүн<br>3. Тап пайда болуу доорундагы үй-бүлө жана никенин өзгөчөлүктөрүн |
| 8 | Азыркы кездеги жамааттык коомдор | Азыркы кездеги мамлекеттердеги жамааттык коомдорду картадан табуу менен тактоо; Таптык коомдогу эскинин калдыктарынын сакталышынын себептерин аныктоо | 2 | Дискуссия (лат. discussio- "иликтөө, караштыруу, талдоо") кайсы бир проблема боюнча ачык жана эркин пикир алмашууга негизделген окутуунун методу. Студенттер сүлөгөндө жеке пикирлерин айтышы да, башкалардын ойлоруна таянышы да мүмкүн.<br>Дискуссияны эки-экиден, чакан топто же бүт аудиторияда өткөрүүгө болот. |
| **Жалпы 16 саат** | | | | |

***Дисциплинаны окутууда колдонулуучу билим берүү технологияларынын мисалдары:*** *д*исскуссия, командалык иш, көйгөйлүү окутуу, **CASE-технологиялар,** жекече окутуу ж.б. интерактивдүү усулдар

Даярдоонун багытынын ЖКББ МББСнын талаптарына ылайык, компетенттүүлүктүк мамилени ишке ашыруу окуу жараянында студенттердин

кесиптик көндүмдөрү менен компетенцияларын калыптандандыруу жана өнүктүрүү максатында сабак өтүүнүн активдүү жана интерактивдүү формаларын (ишкер жана ролдук оюндарды, конкреттүү кырдаалдарды талдоону, психологиялык жана башка тренингдерди) аудиториядан тышкаркы иш менен айкалышта кеңири колдонууну караштырууга тийиш.

***Текшерүүнүн түрүнүн мисалдары:*** *Студенттердин билимдерин учурдагы текшерүү катары өткөрүлүп жаткан сабакка ылайык текшерүүнүн төмөнкү түрлөрү колдонула алат: тестирлөө, фронталдык сурамжылоо, текшерүү иш, жекече сабак ж.б.у.с.*

### 2.4. СӨИнин түзүмү

| К№ | СӨИнин темалары жана бөлүнгон сааты | Аткаруучу иштер | Упайлар |
|---|---|---|---|
| 1. | “**Алгачкы коомдун тарыхы предмети** (12 саат) | 1. АКТ тарыхынын предмети, максаты, окуп үйрөнүүнүн маанисин белгилегиле?<br>2. Археологиялык мезгилдештирүүнүн хронологиясын жазгыла?<br>3. Палеонтрологиялык мезгилдештирүү адамдын биологиялык эволюциясына негизденет: Гоминид үй бүлөсү<br>а) I кичи үй бүлө:<br>б) II кичи үй бүлө:<br>в) 2 түркүм адам:<br>4. Абсалюттук датаны аныктоонун ыкмаларын көрсөткүлө<br>5. АКТ мезгилдештирүүдөгү А.Фергюссондун баскычтарга бөлүүсү:<br>6. АКТ мезгилдештирүүнүн схемасы: | Терминологиялык минимум 90-100% камтылса – 40 упай; 60-80% камтылса – 35 упай; 40-50% камтылса – 25 упай; 20-30% камтылса – 15 упай. |
| 2. | **Алгачкы коомдун тарыхын изилдөө булактары жана тарыхнаамасы** (3 саат) | Археологиялык булактар<br>Этнологиялык булактар<br>Антрапологиялык булактар<br>Лингивистикалык булактар<br>Этимология булактары<br>Геология жана географиялык булактар<br>Археозоология, археоботаника булактары | Маалыматтар 90-100% камтылса – 40 упай; 60-80% камтылса – 35 упай; 40-50% камтылса – 25 упай; 20-30% камтылса – 15 упай. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Физика, химия жана информатика булактары<br>Античтик доордогу АКТ боюнча ой жүгүртүүлөр<br>АКТ боюнча орто кылымдагы көз караштар<br>АКТ боюнча жаңы коомдогу көз караштар | |
| 3. | **Адамдын жана коомдун калыптанышы** | Адамдын теги жана эволюциясы<br>Австралопитектер<br>Архантроптор<br>Палеонтроптор<br>Адамга айлануучулар тобу<br>Идеологиялык түшүнүктөрдүн пайда болушу | Талдоодо берилген тексттин мазмуну толук камтылса – 40 упай; жарым-жартылай камтылса – 30 упай, аз камтылса – 15 упай. |
| 4. | **Азыркы адамдын жана коомдун пайда болушу** | Азыркы адамдын калыптанышынын аякташы боюнча көз караштар<br>Расалардын пайда болушу<br>Урук жамаатынын пайда болушу боюнча илимий гипотезалар | Талдоодо берилген тексттин мазмуну толук камтылса – 40 упай; жарым-жартылай камтылса – 30 упай, аз камтылса – 15 упай. |
| 5. | **Алгачкы жамааттык коом** | Алгачкы жамааттык коомдун эрте мезгилиндеги өзгөрүүлөр<br>Өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшү<br>Чарба жана материалдык маданияттагы өзгөрүүлөр<br>Нике жана үй-бүлө<br>Эрте уруктук жамааттагы бийлик<br>Искусство<br>АЖК кечки мезгилиндеги өндүргүч чарбага өтүү<br>Эмгектин коомдук бөлүнүшү<br>Кечки жамааттык коомдогу үй-бүлө жана нике<br>Кечки жамааттык коомдогу материалдык жана рухий маданият | Талдоодо берилген тексттин мазмуну толук камтылса – 40 упай; жарым-жартылай камтылса – 30 упай, аз камтылса – 15 упай. |
| 6. | **Алгачкы жамааттык** | Дыйканчылыктын өнүгүшү<br>Мал чарбачылыгынын өнүгүшү | Талдоодо берилген тексттин мазмуну |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **коомдун бузулушу** | Эмгектин коомдук бөлүнүшү. Алмашуу<br>Жеке менчиктин пайда болушу<br>Таптардын пайда болушу<br>Мамлекеттин пайда болушу<br>Патриархаттын пайда болушу | толук камтылса – 40 упай; жарым-жартылай камтылса – 30 упай, аз камтылса – 15 упай. |
| 7. | **Өткөөл мезгилдеги коомдук аң-сезимдеги өзгөрүүлөр** | Рационалдык билимдердин калыптанышы<br>Жазуунун пайда болушу<br>Таптык коом пайда болоор алдындагы искусстводогу өзгөрүүлөр<br>Дин, ритуалдыр, сыйынуу, мифология<br>Космостук цикл, эсхатология, жана фаталисттик түшүнүктөр | Талдоодо берилген тексттин мазмуну толук камтылса – 40 упай; жарым-жартылай камтылса – 30 упай, аз камтылса – 15 упай. |
| 8. | **Азыркы кездеги жамааттык коомдор** | Азыркы мезгилдеги жамааттык коомдордун сакталышынын себептери<br>Алыскы жана жакынкы коомдор<br>Өнүккөн жана артта калган коомдор<br>Ички жана сырткы коомдор<br>Экинчи ирет пайда болгон алгачкы коомдор<br>Таптык коомдогу эскинин калдыктарынын сакталышынын себептери | Талдоодо берилген тексттин мазмуну толук камтылса – 40 упай; жарым-жартылай камтылса – 30 упай, аз камтылса – 15 упай. |
| | | | |

*СӨИнин сунушталуучу формалары*: үй тапшырмаларын, текшерүү иштерин аткаруу, изилдөөчүлүк мүнөздөгү лабораториялык ишти коргоо, көйгөйлүү/дискуссиялуу дарска жекече тапшырма аткаруу (case-study), конференцияда, семинарда баяндама, билдирүү жасоо, олимпиадага катышуу, презентация даярдоо, реферат, эссе жазуу ж.б.

### 3-бөлүм. Студенттердин жетишкендиктерин баалоонун жол-жобосу

*Компетенциялардын, билимдердин, билгичтиктер-дин жана көндүмдөрдүн деңгээлин аныктоонун түрлөрү, ыктары, формалары көрсөтүлөт.*

*Текшерүүнүн түрүн жана формасын тандоо дисциплинанын максаты жана калыптандырылуучу компетенциялардын мазмуну менен аныкталууга тийиш.*

*Бул бөлүмдө компетенциялардын калыптангандык деңгээлин баалоонун чен-өлчөмдөрүн келтирүү сунушталат, алар окутуучу тарабынан предметтин бөтөнчөлүгүн эске алуу менен текшерүүнүн өзүнчө формалары боюнча иштелип чыгат.*

*Ушул эле жерде ар бир модуль боюнча текшерүүчү суроолор жана экзамендик билеттин (жазуу ишинин) түзүмү ар бир тапшырманы баалоонун чен-өлчөмдөрүн көрсөтүү менен келтирилет.*

**3.1. СӨИни баалоонун болжолдуу чен-өлчөмдөрү**

| Баалоонун параметрлери | Упайлардын саны |
|---|---|
| 1. Студенттин СӨИни тариздөө деңгээли: илимийлүүлүк, логикалуулук, ырааттуулук, практика менен байланышы, өз алдынча тыянактардын болуусу. | СӨИ талапка толук ылайык тариზделсе – 40 упай; жарым-жартылай ылайык тариზделсе – 30 упай; ылайык эмес тариздeлсе – 15 упай. |
| 2. Студенттин СӨИнин мазмундук бөлүгүн иштеп чыгуу деңгээли: илимийлүүлүк, логикалуулук, ырааттуулук, чыгармачылык, практика менен байланышы, өз алдынча тыянактардын болуусу. | СӨИнин мазмундук бөлүгү талапка толук ылайык иштелсе – 40 упай, жарым-жартылай ылайык иштелсе – 25 упай, ылайык эмес иштелсе – 15 упай. |
| 3. Студент СӨИни коргоодо көрсөткөн билимдер менен билгичтиктер, көндүмдөр деңгээли: адабий-теориялык терминологияны билүүсү, адабий жараяндын жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн билүүсү, адабий чыгарманын композициясы жана сюжети боюнча билимдерге ээ болуусу, адабий чыгармаларды талдоонун түрдүү усулдарын билүүсү жана колдоно алуусу, ар түрдүү жанрлардагы адабий чыгармаларды талдоо көндүмдөрүнө ээ болуусу, жазуу иштерин аткара алуусу, изилдөө ишин жүргүзө алуусу. | Студент СӨИни коргоодо берилген билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр топтомун толук көрсөтө алса – 40 упай, жарым-жартылай көрсөтө алса – 25 упай, төмөн деңгээлде көрсөтө алса – 15 упай. |
| 4.Маалыматты көрсөтмөлүү берүү билгичтигинин жана көндүмдөрүнүн болушу: текстти моделдер, схемалар, жадыбалдар, сүрөттөр, видеоматериалдар менен коштотуу. | Маалыматты көрсөтмөлүү берүү жогору деңгээлде ишке ашырылса – 40 упай, орточо деңгээлде ишке ашырылса – 25 упай, төмөн деңгээлде ишке ашырылса – 15 упай. |
| **Жыйынтыгы** | Бардык параметрлер боюнча коюлган упайлары кошулуп, чыккан сумма |

| | |
|---|---|
| | парамертрлердин санына бөлүнүп, орточо упайы чыгарылат (24-40 упайдын чегинде болсо тапшырманы аткарган болот). |

## 6. КАЛТЫРЫЛГАН САБАКТАРДЫ КАЙРА ТАПШЫРУУНУН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ

Студент аудиториялык сабактарга катышпаган учурда (дарска же практикалык сабакка), ал ошол аудиториялык иштин (дарстын же практикалык сабактын) программасын жана мазмунун өз алдынча өздөштүрүп, жумушчу дептерине өзү калтырган дарстын конспектисин жазып окутуучуга көрсөтөт, ошондой эле жумушчу дептерине өзү калтырган практикалык сабактын суроолоруна окуу-усулдук, илимий адабияттардан жоопторду таап жазып, аны окутуучуга оозеки тапшырат, өзү калтырган тема боюнча СӨИ (студенттин өз алдынча ишин) аткарып, аны окутуучунун астында коргойт. Эгер модулга же зачетко чейин ушул иштерди аткарбаса, студент модулдук текшерүүгө жана зачетко киргизилбейт.

**Учурдагы текшерүүнү** жүргүзүү үчүн текшерүүчү суроолор жана тапшырмалар (20 тесттен аз эмес тесттик тапшырмалар), **жыйынтыктоочу текшерүү** үчүн суроолор жана тапшырмалар (30 тесттен аз эмес тесттик тапшырмалар).

**1-модулдун суроолору**

1. Алгачкы жамааттык коомдун тарыхынын предмети.
2. Алгачкы жамааттык коомдун тарыхын окуп үйрөнүү мааниси.
3. Алгачкы жамааттык коомдун тарыхын мезгилдештирүү жана анын хронологиясы.
4. Изилдөө булактары.
5. Тарыхнаама.
6. Адамдын теги жана эволюциясы.
7. Австралопитектер.
8. Архонтроптор.
9. Палеонтроптор.
10. Адамга айлануучула тобу.
11. Идеологиялык түшүнүктөрдүн башаттары.
12. Азыркы адамдын калыптанышынын аякташы.
13. Коомдун пайда болушу.
14. Жогорку палеолитте өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшү жана жаңы аймактарды өздөштүрүү.
15. Мезолиттеги чарба жана материалдык маданият.
16. Жыныстык жана жаш курактык уюмдар.
17. Нике жана үй-бүлө.
18. Жамааттык уюм.

19. Эрте уруктук жамааттык бийлик.
20. Эрте урук жамаатындагы рухий маданият.
21. Өндүргүч чарбага өтүү

**2-модулдун суроолору**

1. Кечки жамааттык мезгилдеги социалдык-экономикалык мамилелер.
2. Үй-бүлө жана нике.
3. Бийликти уюштуруу.
4. Өндүргүч чарабанын өнүгүшү.
5. Металлургия.
6. Эмгектин коомдук бөлүнүшүнүн андан ары тереңдеши.
7. Жеке менчиктин пайда болушу.
8. Таптардын пайда болушу, эксплуатациянын алгачкы түрлөрү
9. Мамлекеттин пайда болушу
10. Таптар пайда болуу доорундагы үй-бүлө жана нике
11. Аялдар менен эркектердин коомдук абалындагы төңкөрүш
12. Алгачкы уруулук жамаат. Уруулук бирикмелер.
13. Рационалдык билимдер.
14. Коомдук билимдердин башаты
15. Жазуу,Искусство
16. Сыйнуу, мифология, дин, ритуал
17. Азыркы кездеги жамааттык коомдор.
18. Азыркы мезгилдеги жамааттык коомдордун сакталышынын себептери
19. Алыскы жана жакынкы коомдор
20. Өнүккөн жана артта калган коомдор
21. Ички жана сырткы коомдор
22. Экинчи ирет пайда болгон алгачкы коомдор
23. Таптык коомдогу эскинин калдыктарынын сакталышынын себептер

## 4-бөлүм. Дисциплинанын материалдык-техникалык, окуу-усулдук жана маалыматтык камсыздалышы

### 4.1. Дисциплинанын материалдык-техникалык камсыздалышы

*Окутуучу, текшерүүчү, эсептөөчү компьютердик программалардын, компьютердик тренажерлордун, презентациялардын, дарстардын, видео-дарстардын тизмеси көрсөтүлөт. Окутуунун техникалык каражаттарынын тизмеси берилет, адистештирилген аудиториялар менен компьютердик класстар ж.б. көрсөтүлөт.*

### 4.2. Билимдерди өздөштүрүүгө жана компетенцияларды өнүктүрүүгө түрткү болуучу усулдук көрсөтмөлөрдүн, сунуштардын тизмеси:


**1.** Эралиев С.Н. Алгачкы жамааттык коомдун тарыхы  Бишкек, - 2014.
**2.** Алексеев В.П., Першиц *А.И.* История первобытного общества: Учебник для вузов по специальности «История». 5-е изд. М., 1999.
**3.** История первобытного общества: Эпоха первобытной родовой общины. М., 1986.
**4.** Першиц А.И. Периодизация первобытной истории. //Вопросы истории, 1980, №3

*Компетенцияларды өнүктүрүү, билимдердин өзүнчө түзүмдүк элементтерин өздөштүрүү, лабораториялык иштерди аткаруу, маселелерди чыгаруу ж.б. боюнча иштелип чыккан усулдук көрсөтмөлөр менен сунуштар саналат.*

**4.3. Сунушталган адабияттар:**

**а) Негизги адабияттар**


1. **Эралиев С.Н. Алгачкы жамааттык коомдун тарыхы  Бишкек, - 2014.**
2. **Алексеев В.П., Першиц *А.И.* История первобытного общества: Учебник для вузов по специальности «История». 5-е изд. М., 1999.**
3. **История первобытного общества: Эпоха первобытной родовой общины. М., 1986.**
4. **Першиц А.И. Периодизация первобытной истории. //Вопросы истории, 1980, №3**


**б)  Кошумча адабияттар**


1. Алексеев В.П., Першиц *А.И.* История первобытного общества: Учебник для вузов по специальности «История». 5-е изд. М., 1999.
2. Исследование по первобытной истори М., 1992.
3. Перщиц А.И. Периодизация первобытной истории. // Вопросы истории, 1980, №3
4. Семенеов Ю. Введение во всемирную историю. Выпуск I
5. Проблема и понятийный аппарат. Возникновение человеческого общества //Научно-просветитиельский журнал "Скепси" // http: //scepsis.ru/library /id 1036. html